| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АЛАЙ РАЙОНУ<br><br>"ПАМИР-АЛАЙ" АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ"<br>МЕКЕМЕСИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АЛАЙСКИЙ РАЙОН<br><br>УЧРЕЖДЕНИЕ<br>"АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА "ПАМИР-АЛАЙ" |
|---|---|

**Памир-Алай айылдык кеңешинин I чакырылышынын кезектеги 10-отурумунун**

**ТОКТОМУ**

2025-жылдын 11-апрели №  9  Сары-Таш айылы

**Памир-Алай айыл өкмөтүнүн алдында түзүлгөн "Жаңы Сары-Таш" муниципалдык ишканасына таза суу, ирригация, тазалык жана жайыттарды кошуп берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын граждандык кодексинин 92-93-беренесине, Пилоттук режимде айыл аймактарынын деңгээлинде административдик-аймактык реформа менен камтылган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына мамлекеттик жайыт жерлерин башкаруу жана пайдалануу укугун берүүнүн тартиби жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын министрлер кабинетинин 735-токтомуна жана Памир-Алай айыл өкмөтүнүн билдирүүсүнө ылайык Памир-Алай айылдык Кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Памир-Алай айыл өкмөтүнүн алдында түзүлгөн "Жаңы Сары-Таш" муниципалдык ишканасына таза суу, ирригация, тазалык жана жайыттар өткөрүлүп берилсин.

2. Памир-Алай айыл өкмөтүнүн алдында түзүлгөн "Жаңы Сары-Таш" муниципалдык ишканасы, бекитилген уставына ылайык иш алып барсын.

3. Бул токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы "Жаңы Сары-Таш" муниципалдык ишканасынын жетекчисине тапшырылсын.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Памир-Алай айыл өкмөтүнүн башчысына жана Айылдык кеңештин төрагасынын орун басарына милдеттендирилсин.

**Төрага** **Н.Айтмаматов**